**Чүй обласынын Аламүдүн районунун Байгелди айылындагы Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы окуу бөлүм башчысынын аткарган иштерини анализи:**

1.Биздин мектептин миссиясы: Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби жалпы негизги билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, жалпы башталгыч билим берүүгө да багытталат. Ата- энелер, коомчулук менен да тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү , жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоого багытталган.

2.Окуу жылынын башында ОШ-1 жыйынтыгы менен 161 окуучу, 0-9-класстар класс комплект болчу. Окуу жылынын аягында 154 окуучу болуп аяктадык.

**Окуучулардын контингентинин курамы:**

| Контингенттик курамы | Башталгыч класс (0-4-кл) | 5-9 класс |
|---|---|---|
| Окуучулардын жалпы саны | 84 | 70 |
| Класстардын саны | 6 | 5 |
| 1-9-класс | 84 | 70 |

3. Бүгүнкү күндө мектепте 18 мугалим эмгектенет. 13 мугалим жогорку билимдүү, 5 мугалим атайын орто билимдин ээси, 1 мугалим "Билим берүүнүн отличниги".

Биздин мектеп 2 жылдан бери "Окуу - тарбия процессинде жаңы, заманбап технологияларды өздөштүрүү менен сабактын сапатын көтөрүү" деген проблеманын үстүндө иштеп келебиз. Ошого жараша окуу жылынын башында метод бирикменин жетекчилери, метод кеңештин мүчөлөрү менен бирдикте ар бир бирикме өзүлөрүнүн багытына жараша проблемаларынын үстүндө иштөөнү талап катары кабыл алып иш алып барып келишет. Ошондой эле ар бир МБЖ, МКтин мүчөлөрү менен бирдикте ачык сабактардын, семинар-тренингдердин, тегерек столдордун жана ЧТБББнүн көрсөтмөсүнө ылайык предметтик декадалардын жылдык планы иштеп чыкканбыз. Ошол планга жараша циклограмма түзүлүп иш-чаралар өтүлүүдө.

Билим сапатын көтөрүүгө биздин окуучуларыбыздын ата-энелери, демөөрчүлөрүбүз да кайдыгер карабастан көмөк көрсөтүп келүүдө. Санариптик китепканага окуучулар уюлдук телефондору аркылуу эле интернетсиз,блютуз аркылуу бардык сабактар боюнча маалыматтарды ала алышат.

Башкача айтканда 1-класстан 9-класска чейин КРББ жана ИМнин окуу программасына ылайык мектеп программасынын маалыматтарынтаба

алышат.Бул ишти жакшы өздөштүрүп иш алып барып жаткан мугалимдер төмөнкүлөр.Кыргыз тил мугалими- Сагынбек кызы Айсулуу, математика мугалими- Камил кызы Айнура, физика мугалими-Кемелова Айнура ,химия мугалими- Нурланова Элиза, башталгыч класстын мугалими-Бейшеева Эльвира, башталгыч класстын мугалими-Байбекова Роза. Окуучуларыбыз да уюлдук телефондору аркылуу сабак учурунда маалымат таап колдонуп жатышат.

МБ, МК биргелишип түзүлгөн планга ылайын 1-чейректе Технология, Дене тарбия, 1-2-класстардын сабактары, "Наристе" программасы, 3-4-класстарда окуу техникасы,Англис тили, тарых сабактары каралып,ачык сабактар коюлду.Тарых сабагы боюнча Маматова А 7-класска Тарых сабагынан "Карахандардын женип алуулары"темада,1-б класстын мугалими Бейшенбекова.Б 3-октябрда Алиппе сабагынан "Оо"тыбышы деген темада,2-класстын мугалими Бейшеева.Э Математика сабагынан "Көп бурчтуктар"Темада ачык сабактарды өтүштү.

1-чейректе өтүлгөн декадалар боюнча 2021-жылдын 9-сентябрнан 20-сентябрына чейин кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча декада жарыяланып, иш чаралар өткөрүлдү. Линейка өткөрүлүп ,декаданын пландары боюнча жарыяланды. "Кыргыз тилим- кымбатым" деген теманын негизинде ар бир класс дубал газеталарды уюштурушту. Пландын бөлүгүн Кыргыз тилинин "Мамлекеттик тил" статусуна ээ болгондугунун 30 жылдыгына карата тапшырмалар түздү. Бул боюнча ачык сабактар, сүрөт көргөзмөлөр, буклеттер жасалып мектепке бурч уюштурулду. Дил баяндар жазылды, көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. Мектептин линейка учурунда Кыргыз тилине байланышкан инцeнировкалар, көчмөндөр оюну боюнча каада-салттар көрсөтүлүп турду. Мисалы: 9-класс таяк тартыш, 8-класс топ таш ж.б оюндарды көрсөтүштү. 5-7-класстар арасында "Эне тилдин ээси-эл" деген аталышта викторина өткөрүлүп, концерттик кече менен аяктады. Бул иш- чараны кыргыз тили жана адабияты мугалими Сагынбек кызы Айсулуу уюштурду. Викториналык суроолордун көбү улуттук каада-салт, макал-лакаптар ж.б байланышкан.

12-сентябрь күнү "Поэзия күнү" жарыяланып, линейкада 5-9-класстардын окуучулары акындардын ырларын көркөм окушту. 13-сентябрь күнү кыргыз тили мугалими Сагынбек к. Айсулуу 9-класска кыргыз тили сабагынан заманбап технологияны колдонуу боюнча ачык сабагын өттү.

Көнүгүүлөрдү иштетүүдө, тесттерди талдоодо ж.б кантип компьютер колдонсо болоорун түшүндүрүп берди.

Ал эми 13-сентябда 9-класстын класс жетекчиси Чийдерова З.А. "Жаркырай берет түбөлүк" деген аталышта эне тили боюнча класстык тарбтялык саатын өттү. 13-сентябрда "Кыргыз тили кылымарды карыткан" деген аталышта 5-6 класстар арасында таймаш өттү. Бул таймашты МЖБ Сагынбек кызы Айсулуу уюштурду. Бул таймашта макалдарды улап айтуу, жаңылмачтар, улуулардын каада-салтынан үзүндүлөрдү көрсөтүү, оюндар, логикалык ой жугуртүүлөр ж.б болду. Жыйынтыгында "мыкты ураан" , "Мыкты дубал гезит", "Мыкты дил баян" ж.б номинациядагы сыйлыктар ыйгарылды. Активдүү катышкан класстардын класс жетекчилери да администрация тарабынан алкышка татыды.

17-сентябрда кыргыз тили жана адабияты мугалими Сагынбек к. Айсулуу 7-8-9-класстарга "Билеги күчтүү бирди, билими күчтүү миңди жыгат" деген аталыштагы акыл таймашын өттү. Ар бир класстан мыкты деген командалар чыгып, акыл -күчтөрү сынашты. Таймаштын тапшырмалары кыргыз тилинен, кыргыз адабиятынан, логикалык суроолордон ж.б түзүлдү.Жыйынтыгында 9-класстын окуучусу Мамытов Р. 1-орунга , 9-класстын окуучусу Сардарбекова А. 2-орунга ээ болушуп ,мектептин ардак грамотасы жана "Чыңгыз Айтматовдун" китеби менен сыйланышты.

23-сентябрь күнү кол эмгек мугалими Маматова А., китепканачы Сагынбек к. Аэлита менен бирдикте "Ата-мекеним- Кыргызстан" деген аталышта сүрөт көргөзмө уюштурушту, линейка өткөрүштү. Китепканачы Сагынбек к. А. чет тил мугалими Сардарбекова А. " Ч.Айтматовдун" чыгармаларынан окуучуларына тарттырып , англисче аталышы менен сүрөт коргөзмө уюштурду. 23-сентябрь декаданы жыйынтыктоо үчүн МБЖ Сагынбек к. А. декаданы жыйынтыктоо максатында кыргыз элинин каада-салттарын чагылдырган номерлер менен кошо , концерт уюшулду. Концерт "Кыргыз тили гимни"менен ачылды. Концерттин жүрүшүндө жанылмачтар, табышмактар, макал-лакаптар айтылды. Концерттин жыйынтыктоочу бөлугүнө МБЖ Сагынбек к. А. "Мыкты ураан " номинациясына (класстык бөлмөгө кыргыз тили ж-гү ураанды жазып илүү 6-ча). 5-класс кл.жетекчиси Сагынбек к. А., 9-класс кл.жетекчиси Чидерова З., 7-класс - кл.жетекчиси Камил к. А., "Мыкты дубал гезит" 6-класс, кл.жетекчиси Акматалиева А. ээ болушту.

23-сентябрдан 4-октябрга чейин дене тарбия декадасы МБЖ Сагынбек к. А. эскертилген. Бирок декада өтүлбөй калгандыкдан декабрь айына жылдырылды. Ошондой эле 7-17-октябрь күндөрү өтүлүүчү англис тили декадасы талапка ылайыктуу өтүлбөгондүктөн администрация тарабынан МБЖ Сагынбек к. А.оозеки эскертүү берилип,декабрь айына жылдырылган.

2-чейрек башталаары менен ноябрь айында так илимдер: физика, математика, химия, география, ал эми декабрь эстетикалык илимдерден дене тарбия, сүрөт,

технология сабактарынын өткөн чейректе өтүлбөй калган англис тили декадасы өтүлдү. Математика сабагы боюнча Камил к. А. “Женилбес жетөө”деген аталышта 6-8 класстарга сынак өттү. Жыйынтыгында 8-класс 1-орунга, 7-класс 2-орунга ээ болушту. Химия сабагы боюнча Нурланова Элиза “Мисс химия-2019” сынагын өттү. Жыйынтыгында 9-класстын окуучусу Сардарбекова А. 1-орунга ээ болду. Дене тарбия сабагы боюнча кружок жетекчиси Каниметов А. “Дене тарбия сабагында спорттук оюндарга машыгуу иштери”, сүрөт, музыка, технология сабагы боюнча МБЖ Сагынбек к. А. 3-7-класска чейин викторина өттү. Музыка мугалими Акматалиева А. 9-класстарга чейин “Алтын микрофон”деп аталган жандуу үн менен ырдоо сынагын өткөрдү.

21-октябрьдан 31-октябрь күндөрү орус тили жана адабияты декадасы жарыяланып, иш чаралар өткөрүлдү. 22-октябрда дубал гезиттердин сынагы жарыяланды. Бул сынакка 8-9-класстар катышышты. Дубал гезиттерге орус элинин акын- жазуучуларынын чыгармалары, өмур баяндары ж.б кызыктуу маалыматтар, кроссворддор, табышмактар чагылдырылды. Жыйынтыгында 1-орунга 9-класс, 2-орунга 8-класс ээ болушту. 24-октябрда 5-7-класстарга орустун балдар ырларын аткартуу сынагы болду. Бул сынактарды орус тил мугалимдери Суранчиев Э. жана Байбекова Р. уюштурушту. Жыйынтыгында 1-орун 7-класска ”Если с другом вышел в путь” ырын хор аткарып ээ болушса, 2-орунга 6-класс “Кузнечик” ыры менен, 3-орунга 5-класс “песня про друга” деген ыры менен ээ болушту. Орус тил мугалими Суранчиев Э. 9-класстарга “Письмо” деген темада жакындарына кат жазуу боюнча сынак өткөрдү. Сынакта 8-класстын окуучусу Суранчиев Р. “Письмо к маме” деген аталышта орус тилинде жазылган кат жакшы деп табылып,дубал газетага илинди. 21-31-октябрда биология декадасы да өтүлдү. Бул декадага бардык класстар активдүү катышышты. 5-9-класска чейин 23-октябрь күнү “Берекелүү күз” деген аталышта жарманке уюштурулду. 24-октябрда биология мугалими-Нурланова Э. 8-класска ачык сабак өттү. Ачык сабакка администрация, жаш мугалимдер катышышты. Жакшы жооп берип, активдүү катышкан окуучуларга алма,алмурут ж.б жемиштерден белектер берилип жатты. 21-31-октябрда Тарых жана Адам жана коом сабактары боюнча декада өттү. Декаданын программасы менен МБЖ Сагынбек к. А. тааныштырды. Тарыхый инсандар жөнүндө плокаттар чыгарылып илинди. Тарых мугалими Маматова А. “жаш саякатчылар” деген аталышта табышмактуу оюнду окуучуларга берип бир жума бою 5-9 класстын окуучулары табылгаларды издешти. Декаданын жыйынтыгында ар бир класс ар башка инсандар ж-гү маалыматтарды табышканы белгилүү болду. Мисалы: 9-класстар Чыңгыз хан ж-дө, 8-класс Шабдан баатыр ж-дө ж.б. кызыктуу маалыматтарды таап линейкада окушту.

**1-чейректин жыйынтыгы**: Окуу жылынын башында 161 окуучу, анын ичинен 70 кыздар болчу. Чейрек ичинде 1 окуучу келди, анын кыз. 11 окуучу кетти, анын ичинен 6 кыздар. Чейректин аягында 151 окуучу калды , анын 64 кыздар. 0-4 класстар боюнча 82 окуучу, анан ичинен 39 кыздар, билим сапаты- 41 %ды түздү. 5-9 класстарда 69 окуучу, анын 24 кыздар.Билим сапаты -32 %ды түздү. Жалпы жыйынтык боюнча мектептин билим сапаты - 36 % болду. Бардык сабактардын план, программалары толугу менен аткарылды.

**2-чейректин жыйынтыгы:** Чейрек башында 151 окуучу, анын ичинен 63 кыздар болчу. Чейрек ичинде 3 окуучу келди . Анын ичинен 1 кыздар. Чейректин аягында 154 окуучу калды, анын 64 кыздар. 0-4 класстар боюнча 82 окуучу, анан ичинен 39 кыздар, билим сапаты- 42 %ды түздү. 5-9 класстарда 69 окуучу, анын ичинен 25 кыздар. Билим сапаты - 41 %ды түздү. Жалпы жыйынтык боюнча мектептин билим сапаты - 41% болду . Бардык сабактардын план, программалары толугу менен аткарылды.

**3-чейректин жыйынтыгы:** Чейрек башында 154 окуучу ,анын ичинен 64 кыздар болчу.Чейрек ичинде 2 окуучу келди .Анын ичинен 1 кыздар. Чейректин аягында 156 окуучу калды,анын 67 кыздар. 0-4 класстар боюнча 84 окуучу, анан ичинен 41 кыздар, билим сапаты- 40 %ды түздү. 5-9 класстарда 72 окуучу, анын 26 кыздар. Билим сапаты 44 %ды түздү. Жалпы жыйынтык боюнча мектептин билим сапаты - 42 % болду .Бардык сабактардын план ,программалары толугу менен аткарылды.

**4-чейректин жыйынтыгы:** Чейрек башында 156 окуучу ,анын ичинен 67 кыздар болчу. Окуучу 2 кетти . Чейректин аягында 154 окуучу калды,анын 67 кыздар. 0-4 класстар боюнча 84 окуучу, анан ичинен 41 кыздар,билим сапаты- 40 %ды түздү. 5-9 класстарда 70 окуучу, анын 26 кыздар.Билим сапаты 44 %ды түздү. Жалпы жыйынтык боюнча мектептин билим сапаты - 42 % болду .Бардык сабактардын план ,программалары толугу менен аткарылды.

**Отличниктер, ударниктер:**

| Чейрек: | 1-ч. | | 2-ч. | | 3-ч. | | 4-ч. | | Жылдык: | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Отлич | Удар | Отлич | Удар | Отлич | ударн | Отлич | Ударн | Отлич | ударн |
| 2-4 | 4 | 10 | 5 | 10 | 7 | 14 | 7 | 14 | 7 | 14 |
| 5-9 | 10 | 24 | 10 | 22 | 7 | 26 | 7 | 26 | 7 | 26 |

**Окуу бөлүм башчысы:** [signature] **Сагынбек кызы Айсулуу**